УДК
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-90-94

**Курманбекова Алтынай**
Кыргызстан-Түркия "Манас" университети Коомдук илимдер институту
Теология факультети Ислам таануу бөлүмүнүн магистранты
**Курманбекова Алтынай**
Кыргызско-турецкий университет Манас Институт социальных наук
факультет теологии магистрант отдела исламоведения
**Kurmanbekova Altynai**
gh
**a.kurmanbekovaa@gmail.com**

# АЗИРЕТИ ПАЙГАМБАРДЫН ДООРУНДА МАХРДЫН ӨЛЧӨМДӨРҮ
# РАЗМЕРЫ МАХРА ВО ВРЕМЕНА ПРОРОКА
# DIMENSIONS OF MAHR IN THE AGE OF THE PROPHET

**Аннотация:** Махр; никенин талабы катары үйлөнүп жаткан эркектин болочок жубайына берүүсү зарыл болгон бир канча өлчөмдөгү мал-мүлк каражаты. Махр берүүнүн негизги максаты-аялзатынын укугун коргоо, кадырын жана аялзатына болгон урмат-сыйды арттыруу. Махрдын өлчөмү никеге чейин же болбосо нике кыйылып жатканда эки тараптын макулдашуусу менен белгиленет. Бул макалада махр түшүнүгү жана Азирети Пайгамбар (с.а.в)дын доорунда Пайгамбар (с.а.в)дын аялдарына берилген махрдын өлчөмдөрү жөнүндө маалымат берилет.

**Түйүндүү сөздөр:** Азирети Пайгамбар (с.а.в)дын аялдары, махр, нике, Пайгамбар (с.а.в)дын доору, махрдын өлчөмү.

**Аннотация:** Махр — в исламском семейном праве, имущество, которое муж выделяет жене при заключении брака. Махр является одним из условий для заключения брака. Махр является проявлением уважения и почтение к женщины. Целью махра является защита прав женщины. Размер махра определяется соглашением обеих сторон до или во время заключения брака. В этой статье дается информация о размерах махра во времена Пророка (мир ему и благословение Аллаха).

**Ключевые слова:** Жены Пророка (с.а.в), махр, брак, время Пророка (с.а.в), размеры махра.

**Abstract:** Mahr - in Islamic family law, property that a husband gives to his wife at the time of marriage. Mahr is one of the main conditions for marriage. One of the wisdoms of the existence of a mahr is that this injunction manifests both the protection of a woman, and respect for her, and her guardianship in case of deterioration in family relations. The size of the terry is determined by agreement of both parties before or during marriage. This article provides information on the size of the mahr at the time of the Prophet (s.a.v).

**Key words:** Wives of the Prophet (s.a.v), mahr, marriage, the time of the Prophet (s.a.v), the size of the mahr.

Махр-үй-бүлө укугунда өтө мааниге ээ. Үй-бүлөдө аялдын укугун коргоо үчүн махр эң негизги фактор болуп эсептелет. Махрдын өлчөмү коомдун социо-маданий шарттарына

жараша өзгөрүп турат. Махрдын терминологиялык мааниси: Ислам укугунда махр - бул "нике келишиминде үйлөнүп жаткан эркектин болочок жубайына сый-урмат катары берген кандайдыр бир мал-мүлк" деп аныкталат. Махрды эки түрдө берсе болот: 1. "Махры-муажжаль" - нике кыйуу убагында берилген махр. 2. "Махры-мүэжжель" - эки тараптын ажырашуусунда же болбосо түгөйлөрдөн бирөөсүнүн каза болуусунда мурастан алынган акча же мал-мүлк.

Махр никенин шарттарынан эмес, махрсыз нике сахих болуп саналат. Бирок нике кыйылгандан кийин махрды берүүсү керек болот. Махрдын өлчөмү никеден мурда белгиленбей же унутулуп калса, жалпысынан кыздын эжелери алган өлчөмдө «махри мисил» катары төлөнүшү керек. Махрды дароо, башкача айтканда никеге чейин да, никеден кийин да берүүгө болот. Махр белгиленип нике кыйылгандан кийин аял махрды күйөөсүнө багыштап жиберүүгө да укуктуу.

Халвати сахиха (никелешкен жигит менен кыздын ээн жерде калуусу) болсо же күйөөсү көз жумса, аял махрды толугу менен алат. Махр белгиленип, халвати сахихага чейин ажырашса, кыз белгиленген махрдын жарымын алат. Ал эми махр белгиленбеген болуп халвати сахихадан мурда ажырашса, кыздын көңүлүн көтөрө турган белек-бечкек берүү абзел. Бул Куранда сунушталган. Никеден кийин же никеге чейин ажырашууга кыз себеп болсо, кызга махр толугу менен берилбейт.

Бул макалабызда Азиртеи Пайгамбардын доорунда махрдын өлчөмүн аныктоого аракет жасадык. Бул максатта Пайгамбар (с.а.в)дын аялдарына жана кызына берген махрдын өлчөмүн төмөндө аныктадык.

### 1.1. Азирети Хадичанын махры

Азирети Хадича энебиздин атасы: Хуайлид бин Асад, ал эми энеси: Хале бинт Абди Менаф болгон. Ал Азирети Пайгамбар (с.а.в)дын биринчи жубайы болгон. Азирети Пайгамбар (с.а.в) Азирети Хадича энебизге үйлөнгөндө жашы 25, ал эми Азирети Хадичанын жашы 40та болгон. Эң биринчи мусулман болгон аял болуп саналат. Ибн Аббастын риваяты боюнча Азирети Хадича энебиздин махры: 12 уукиййе (1 уукиййе-40 дирхамга барабар)[1,67-б]. Ошондо болжолу менен 480 дирхам махр берген. Ал эми башка бир риваятта Азирети Пайгамбар (с.а.в)дын Азирети Хадича энебизге махр катары 20 төө убада кылганы жөнүндө айтылат.

### 1.2. Азирети Савданын махры

Савда бинт Зема бин Кайс Азирети Пайгамбар (с.а.в) менен турмуш курганга чейин, байкесинин уулу Сакран бин Амр менен үйлөнгөн. Ислам дининин алгачкы жылдарында экөө тең исламды кабыл алышкан. Эфиопияга хижрат кылып Меккеге кайтып келген алгачкы мусулмандардан болгон. Меккеге кайтып келгенден аз убакыт өткөн соң жолдошу Сакран көз жумат жана Азирети Савда жесир калат.

Ошол учурда Азирети Пайгамбар (с.а.в) дагы Азирети Хадича энебизди жоготуунун кайгысы менен отурган болот. Ошол эле жылы Азирети Пайгамбар (с.а.в) менен Азирети Савда энебиз үйлөнүшөт жана махр катары ага 400 дирхам берилген.

### 1.3. Азирети Айшанын махры

Азирети Пайгамбар (с.а.в) хижраттан 1.5 жыл мурун эң жакын досу Азирети Абубакрдын кызы Азирети Айша энебиз менен кудалашкан жана алар хижраттын биринчи жылында үйлөнүшкөн.

Азирети Айша энебиздин махры боюнча ар кандай риваяттар бар. Амре бин Абдуррахмандын риваяты боюнча Азирети Айша өзү 12 уукиййе жана бир неш(500 дирхам күмүш) махр алгандыгын айткан[2,201-б].

Абу Саид Ал-Худриден келген риваят боюнча Азирети Пайгамбар(с.а.в) Азирети Айша энебизге 50 дирхам өлчөмүнө туура келген үй буюмдарын махр берген. Бирок, Ибн Мажа, бул хадисти зайыф хадис деп белгилеген. Биз дагы бул көз-карашка кошулабыз. Себеби хадистердин көпчүлүгүндө Азирети Пайгамбар (с.а.в)дын аялдарына 400-500 дирхам арасында махр бергендиги жөнүндө айтылат.

### 1.4. Азирети Хафсанын махры

Азирети Умардын кызы Хафсанын жолдошу Хунейс бин Хузафе Бадр согушунда шейит болгон. Азирети Хафса жесир болгондон кийин Азирети Умар кызын Азирети Абубакрга жана Азирети Усманга сунуштайт, бирок алар Азирети Пайгамбар (с.а.в)дын Азирети Хафса менен үйлөнүүгө ниети болгонун билгендери үчүн ал сунушту четке кагышкан. Ухуд согушуна чейин хижраттын отузунчу айынын башы шаабан айында Азирети Пайгамбар (с.а.в) Азирети Хафса менен үйлөнгөн жана ага махр катары 400 дирхам берген[3,119-б].

### 1.5. Азирети Зайнаб бинт Хузайманын махры

Азирети Пайгамбар (с.а.в) Азирети Зайнаб бинт Хузайма менен хижраттын үчүнчү жылында рамазан айында үйлөнгөн жана 400 дирхам махр берген. Азирети Зайнабдын Убейдуллах бин Харис аттуу жолдошу Бадр согушунда шейит болгон. Азирети Пайгамбар менен үйлөнгөндөн Азирети Зайнаб эки-үч айдан соң каза болгон[4,361-б].

### 1.6. Азирети Умму Саламанын махры

Азирети Пайгамбар (с.а.в) Умму Саламаны хижраттын төртүнчү жылында аялдыкка алат[5,328-б]. Азирети Пайгамбар (с.а.в) Умму Саламага: “Сага махр катары баланча тууганыңа берилгенден аз бербейм” дептир жана ага 2 жаргылчак, 2 суу кумура, 1 табак, 1 жаздык берген. Умму Салама буларды кабыл кылган жана ушундай махр менен үйлөнүшкөн.

### 1.7. Азирети Жувайриянын махры

Бани Мусталик уруу башчысы Харис бин Абу Дырардын кызы болгон. Хижраттын 6-жылында мусулмандар мусталик уруусун багындырганда Барра(Жувайрия) туткунга түшүп келет. Анын атасы кызынын эркиндиги үчүн Мухаммед Пайгамбар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, бир нече төөгө айырбаштоону суранат. Бирок Пайгамбарга байлык эмес, элдин ишеничи баалуу болгондуктан бул айымды жубайлыкка алууну туура табат. Азирети Пайгамбар (с.а.в) менен Азирети Жувайрия үйлөнөт жана ага 400 дирхам махр берет. Үйлөнгөндөн кийин Барра деген атын Жувайрия деп өзгөртөт. Жувайриянын Пайгамбарга турмушка чыгуусу аз убакыттын ичинде жүз миңден ашуун үй-бүлөнүн ислам динин өз эрки менен кабыл алышын шарттаган.

### 1.8. Азирети Зайнаб бин Жахштын махры

Азирети Пайгамбар (с.а.в)дын Азирети Зайнаб бинт Жахш менен үйлөнүүсүн Жабрайил периште келип Кудайдын буйрук кылгандыгы жөнүндө кабар берет. Куранда бул тууралуу Ахзаб сүрөсүнүн 37-аятында айтылат.

Азирети Зайнаб Азирети Пайгамбар(с.а.в)дын башка аялдарына: “Аларды үй-бүлөлөрү үйлөндүрдү. Ал эми мени болсо, жети кабат асмандардын эгеси Аллах үйлөндүрдү” деп мактанчу. Азирети Пайгамбар менен Азирети Зайнаб үйлөнгөндө 400 дирхам махр берген[6,60-б].

### 1.9. Азирети Райхана бинт Зайддын махры

Азирети Райхана мындай деген: “Курайза уулдары туткунга алынганда мен дагы туткунга алынгам. Расулуллахтын сунушу менен мусулман болдум. Андан кийин эркиндикке бошотуп аялдыкка алган. Башка жубайларына махр берген сыяктуу мага дагы 12 уукийие, 1 неш махр берди. Мени менен Абу Мунзирдин үйүндө үйлөндү. Азирети Пайгамбар (с.а.в)дын башка жубайларынын үйүнө бара турган күндөр бөлүнгөн сыяктуу менин дагы үйүмө келе турган күн бөлүндү.”

### 1.10. Азирети Сафия бинт Хуяйдын махры

Азирети Сафия, Азирети Харунун тукумунан болгон Бани Надир башчысы Хуяй бин Ахтабдын кызы. Биринчи жолдошу Салам бин Мишкем болгон. Аны менен ажырашкандан кийин Хайбарда Кинана бин Раби деген адамга турмушка чыккан. Жолдошу Хайбар согушунда өлтүрүлгөн ал эми өзү туткунга алынган.

Азирети Сафияга Азирети Пайгамбар (с.а.в) мусулманчылыкты кабыл алып аялдыкка макул болуусун же болбосо өзүнүн коомуна баруусун сунуштаган. Ал эркиндикке бошотулуп, Азирети Пайгамбар (с.а.в)дын жубайы болууну тандаган. Анас бин Малик риваят кылган: “Азирети Пайгамбар(с.а.в) Сафия бинт Хуяйды эркиндикке бошотуп, боштондугун махр катары кабыл кылган”[6,61-б].

### 1.11. Азирети Умму Хабибанын махры

Азирети Пайгамбар (с.а.в)дын жубайларынын арасында эң көп махр берилгени Умму Хабибанын махры болгон. Умму Хабибанын риваяты боюнча; өзү Убайдуллах бин Жахштын никесинде болгон. Убайдуллах Хабашистанда(Эфиопияда) өлдү. Расулуллах (с.а.в) элчисин Нажашиге жөнөтүп, аларды мусулмандыкка чакырган жана Умму Хабиба менен никеге туруусун каалаган. Нажаши мусулман болгондон кийин, Умму Хабиба менен Азирети Пайгамбар (с.а.в)ды үйлөндүрүп, анын атына 4000 дирхам берип, аны Шурахбил бин Хасене менен Азирети Пайгамбар (с.а.в)га жөнөткөн. Умму Хабибанын махры жана себи дагы Нажаши тарабынан каржыланган[7,220-б].

### 1.12. Азирети Маймунанын махры

Азирети Маймуна Азирети Пайгамбар (с.а.в)дын байкеси Аббастын жубайынын бир тууганы. Азирети Пайгамбар (с.а.в)дын эң акыркы үйлөнгөн зайыбы. Расулуллах (с.а.в) каза умрасы үчүн жолго чыгаардан мурун Абу Рафи менен ансардан Авс бин Хаулийди Меккеге жуучулукка жөнөткөн.

Азирети Маймуна Пайгамбардын сунушун кабыл алган жана макулдугун эжеси Уммуль-Фадл аркылуу кабарлаган. Уммуль-Фадлдын жолдошу Азирети Аббас Азирети Пайгамбар (с.а.в) Меккеге келгенде Азирети Маймуна менен никесин кыйдырган. Азирети Аббас Расулуллахтын атынан Азирети Маймунага 400 дирхам махр берген. Башка риваятта 500 дирхам бергендиги жөнүндө да айтылат.

## 2. Азирети Пайгамбар (с.а.в)дын кызы Фатима (р.а)нын махры

Азирети Фатима энебиз Азирети Пайгамбар жана анын биринчи зайыбы Азирети Хадича энебизден төрөлгөн. Атасы Расулуллах(с.а.в) Мадинага келгенден беш айдан соң ражаб айында Азирети Али менен нике кыйдырылган. Бадр согушунан кийин хижраттын экинчи жылы Зулхижжа айында үйлөнүшкөн.

Ата’нын риваяты боюнча, Азирети Али Азирети Фатимага жуучу болгондо атасы Азирети Пайгамбар (с.а.в) Азирети Фатимага “Али сен жөнүндө айтып жатат, сени менен үйлөнүүнү каалап жатат” дегенде ал унчуккан эмес.

Ал эми Ибн Аббастын риваяты боюнча: “Азирети Али Азирети Фатимага жуучу болгондо, Азирети Пайгамбар (с.а.в) ага “ Фатимага махр катары бир нерсе бер” деди. Али (р.а) “бере турганга эч нерсем жок да” деп жооп берген. Анда Пайгамбар (с.а.в) “Хутами” соотуң кайда деген суроо узатты. “Жанымда” деген жообуна Пайгамбар (с.а.в) “Анда аны Фатимага бер” деди. Кээ бирөөлөрү Азирети Алинин махр катары берген бул сооту 400 дирхамга барабар болгондугун айтышса, Алба бин Ахмер аль-Ашкери, Азирети Алинин бир жүк төө менен кээ бир буюмдарын 480 дирхамга сатып, ошону махр катары бергендиги жөнүндө айткан[6,62-б].

Алба бин Ахмер аль-Ашкеринин риваяты боюнча Пайгамбар (с.а.в) 480 дирхамдын үчтө эки бөлүгүн тамак-аш, кооздук, жытту нерселерге, ал эми үчтө бир бөлүгүн кийим-кечекке жумшоосун буйруган.

Жыйынтыктап айта турган болсок, махр-нике келишиминде эркектин кызга берген акча же болбосо мал-мүлк болуп саналат. Махр бул аялга бере турган акы, баа же болбосо белек эмес. Махр аялдын жеке өзүнө гана бериле турган нерсе жана ал нерсени жеке өзү каалагандай колдонууга акысы бар.

Азыркы учурда мусулмандар махр жөнүндө жетишээрлик маалыматка ээ эмес. Бул жөнүндө укпагандар болгон сыяктуу, аялды материалдык баалуулукка баалоо же болбосо махр менен сатып алуу катары баамдагандар дагы жок эмес. Бирок, махр бул аялдар үчүн кандайдыр бир материалдык коопсуздук болуп эсептелет. Махр бул эркекке болгон адилетсиздик эмес, шарияттын бир мыйзамы. Исламдагы бул нерсенин максаты-аялзатынын кадыр-баркын, намысын көтөрүү, келечекте аялдын материалдык жактан көйгөйүн алдын алууну көздөйт.

Макалабыздын негизинде Пайгамбар (с.а.в) аялдарына орточо эсеп менен 500 дирхам күмүш бергендигин аныктадык. 500 дирхам ошол учурдун шарттарына жараша 100 койго барабар болгон. Башкача айтканда ошол учурдагы аялдар үйлөнүү менен бай болушуп, зекет бере турган даражага жетишкен.

Жыйынтыктап айтканда, Ислам双 динде мусулман аялдардын укугуна өтө чоң көңүл бурулат. Махр нике бузула турган учурда аялга финансылык жактан кепилдик берет жана өз турмушун улантып кетүүсүнө шарт түзөт.

## Колдонулган адабияттар


1. Kallek, Cengiz. “Ukiyye”. Türkiye Diyanet Vakfı İslam Ansiklopedisi. 42:67-70. Ankara: TDV Yayınları, 2003.
2. Fayda, Mustafa. “Aişe”. Türkiye Diyanet Vakfı İslam Ansiklopedisi. 2:201-205. İstanbul: TDV Yayınları, 1989.
3. Kandemir, Mehmet Yaşar. “Hafsa”. Türkiye Diyanet Vakfı İslam Ansikloğedisi. 15:119-120. İstanbul: TDV Yayınları, 1997.
4. Esra Şahyar, Ayşe. “Zeyneb bint Huzeyme”. Türkiye Diyanet Vakfı İslam Ansiklopedisi. 44:361. İstanbul: TDV Yayınları, 2013.
5. Kandemir, Mehmet Yaşar. “Ümmü Seleme”. Türkiye Diyanet Vakfı İslam Ansikloğedisi. 15:228-230. İstanbul: TDV Yayınları, 2012.
6. Arif Gezer. (2017). Hz. Peygamber Dönemi Mehir Uygulaması ile Günümüz Mehir Uygulamasının Karşılaştırılması. Yüzüncü Yıl Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi, 5(6):55-72.
7. Ayşe Betül Algül. (2010). Hz. Peygamber Dönemi Mehir Miktarları ve Günümüzdeki Karşılıklar. Pamukkale Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi, 6(12):209-232.


**Рецензент: PhD., доцент Мурзараимов Б.**